

## Улуттук банк түшүндүрөт

**Бүгүнкү күндө уюлдук телефон ар бир адамдын күнүмдүк жашоосунда электрондук капчык, Интернет банкинг, банктын же төлөм уюмунун агентинин мобилдик тиркемеси аркылуу төлөмдөрдү жүзөгө ашыруучу курал катары кызмат кылууда. Банкка, почта бөлүмүнө, товарларды жана кызматтарды көрсөтүүчүгө баруунун кажети жок болгон онлайн-төлөмдөрдүн мындай ыкмалары барган сайын кеңири таралууда. Атүгүл, пандемия жана карантин шартында, онлайн төлөмдөр жана терминалдар аркылуу төлөмдөр эң коопсуз жана ыңгайлуу төлөө ыкмаларынын бири болуп калды. Албетте, мындай ыңгайлуу ыкмалар менен төлөө үчүн, төлөөчү кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүнө, төлөм аспаптарына жараша, өлкө мыйзамдарынын талаптарына ылайык идентификациядан өтүшү керек. Улуттук банктын төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишмердүүлүгүнө көзөмөл тобунун жетекчисинин милдетин аткаруучу Бакесариева Айгүл менен ушул багытта маектешебиз.**

# Төлөм кызматтары жана төлөөчүнүн идентификациясы



**Маектешken Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"**

***– Айгүл Таабалдиевна, төлөөчүнүн идентификациясы деген эмне жана аны кантип жүргүзүү керек?***

– Кардардын/төлөөчүнүн мыйзам деңгээлинде идентификацияланышы - бул банк үчүн да, калкка төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча кызматтарды сунуш кылган төлөм уюму/төлөм системасынын оператору үчүн милдеттүү болгон идентификациялык маалыматтарды белгилөө процедурасы.

Учурда, төлөм аспаптарына жараша идентификацияны ар кандай ыкмалар менен жүргүзүү үчүн шарттар түзүлгөн:

1) Төлөм терминалы аркылуу идентификация: төлөм терминалын орноткон уюмдар тарабынан жүргүзүлөт. Алар коммерциялык банктар жана төлөм уюмдары болушу мүмкүн. Бул идентификация төлөөчү үчүн бир жолку болуп эсептелет, мисалы, төмөн тобокелдүү бүтүмдөрдүн тизмесине кирбеген төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн төлөм терминалдары аркылуу идентификация үчүн керектүү маалыматтарды киргизүү зарыл.

2) Төлөм уюмунун агентинин мобилдик тиркемесинин пайдалануучуларынын идентификациясы ал төлөм уюмдары жана/же төлөм уюмунун агенттери тарабынан ишке ашырылат. Идентификацияны төлөм уюмунда тийиштүү бланктарды толтуруу жолу, ошондой эле дистанттык ыкмада (аралыктан идентификация) же банктын бөлүмдөрү аркылуу жүргүзүүгө болот.

3) Электрондук капчыктардын идентификациясы. Комбанк тарабынан жеке өзүнүн катышуусунда жана фото же видео сүрөт аркылуу аралыктан жүргүзүлөт. Аралыктан идентификацияны банктын кеңейтилген кызмат көрсөтүүчү агенттери да аткара алышат.

Төлөм уюмдары жана төлөм системасынын операторлору КРУБдун Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн тиешелүү лицензиялары бар көзөмөл астындагы уюмдары болуп саналат.

***– Төлөм терминалында идентификация кандайча жүргүзүлөт?***

– Идентификациядан өтүү үчүн, төлөм терминалдарына төмөнкү маалыматтарды киргизүү керек:

– жөнөтүүчүнүн – жеке жактын фамилиясы, аты жана атасынын аты;

– төлөмдү ишке ашырууда эсеп колдонулса, жөнөтүүчүнүн эсебинин номери;

– жөнөтүүчүнүн идентификациялык номери жана паспорттук маалыматтары;

– алуучунун – жеке жактын фамилиясы, аты жана атасынын аты;

– төлөм жүргүзүүдө эсеп колдонулса, бенефициардын эсеп номери. Эсеп жок болгондо уникалдуу төлөм номери/коду көрсөтүлөт, ал төлөмдү көзөмөлдөө мүмкүндүгүн берет.

Идентификацияны жүргүзүү үчүн программа ар бир төлөм уюму үчүн жекече экендигин белгилей кетүү керек, төлөмдүн түрүнө жана уюмдун иштелип чыккан ички критерийлерине жараша кошумча маалыматтар талап кылынышы мүмкүн.

***– Төлөм уюмунун агентинин мобилдик тиркемесинин колдонуучуларынын идентификациясы кандайча ишке ашырылат?***

– Агенттин мобилдик тиркемеси аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн идентификациядан өтүүнүн төмөнкү түрлөрү каралган:

1. Өзү болушу. Төлөм уюму жана/же агент «Өз кардарыңды бил» принцибине ылайык төлөм уюмунун жана/же агенттин офисинде агенттин мобилдик тиркемесин пайдалануучунун өзүнүн катышуусунда анкетаны толтуруу жолу менен пайдалануучунун идентификациялык маалыматтарын жыйноону ишке ашырууга тийиш.

2. Дистанттык (аралыктан) идентификация. Кардар мобилдик телефон аркылуу төлөм уюмуна жана/же агентке кайрылганда (фотолорду жана видео байланышты салыштырып текшерүү аркылуу). Аралыктан идентификацияны жүргүзүү ыкмасы КРУБдун Башкармалыгынын 2019-жылдын 30-сентябрында «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» №2019-П-14/50-2-(ПС) токтому менен бекитилген жобого 2-тиркемеде белгиленген Тартипке ылайык жүргүзүлөт.

3. Өнөктөш банктын офистеринде агенттин мобилдик тиркемесин пайдалануучунун өзүнүн катышуусунда.

***– Электрондук капчыктардын аралыктан идентификациясы кандайча ишке ашырылат?***

– 2020-жылдын 13-майынан баштап, банктар кардарлардын аралыктан идентификациясын КРУБдун Башкармалыгынын № 2020-П-12/27-1-(НПА) токтому менен бекитилген Кардарларды аралыктан тейлөө режиминде идентификациялоо жана верификациялоо тартибине ылайык жүргүзө алышат.

Электрондук капчыкты ачуу үчүн кардар банкты жана идентификация ыкмасын тандашы керек, б.а. сүрөткө салыштыруу же видео байланыш аркылуу.

1. Сүрөткө салыштыруу аркылуу аралыктан идентификация төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

– жеке адамдын мобилдик номери катталышы керек;

– паспорттун алдыңкы жана арткы беттеринен фотосун банктын электрондук почтасынын дарегине же банктын мобилдик номерине жөнөтүү;

– кардардын санкциялык тизмелерде жана аларга карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы тууралуу маалыматтар катталган адамдардын, топтордун жана уюмдардын тизмесинде бар же жоктугу текшерилет;

– өздүгүн тастыктаган документтин маалыматтары тиешелүү мамлекеттик маалымат системаларына текшерүүгө жөнөтүлөт;

– кардардан алынган маалыматтар, ошондой эле кардардын фотосу анын өздүгүн тастыктаган документтеги фотого дал келсе, банк ийгиликтүү идентификация жана верификация тууралуу кардардын көрсөтүлгөн телефон номерине же электрондук почтасына билдирүү жөнөтөт.

2. Видеобайланыш аркылуу аралыктан идентификация төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

– бул идентификация реалдуу убакыт режиминде үзгүлтүксүз жүргүзүлөт, паспорттун көчүрмөсү жана банктын суроолоруна жооп да берилет;

– сеанстын жүрүшүндө кардардын бети менен ийиндери так көрүнүүсү зарыл. Кардардын бети толугу менен ачык болууга тийиш, күндөн коргоочу көз айнек же бетин жапкан башка аксессуарларды тагынууга, ошондой эле бетине көлөкө түшүүсүнө жол берилбейт.

– видеобайланыш сеансынын жүрүшүндө кардар жетиштүү жарык болгон бөлмөдө болууга тийиш;

– ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендигине байланыштуу кардарга үчүнчү адамдын көмөгү талап кылынган учурларды албаганда, идентификация процессине үчүнчү жактардын катышуусуна жол берилбейт;

– банктын кызматкери кардардын өздүгүн тастыктаган документтин аныктыгын да текшерет жана документ тууралуу маалыматтарды тиешелүү мамлекеттик маалымат системаларына текшерүү үчүн жөнөтөт;

– кардардын санкциялык тизмелерде жана аларга карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы тууралуу маалыматтар катталган адамдардын, топтордун жана уюмдардын тизмесинде бар же жоктугун текшерүүнү ишке ашырат;

– бардык текшерүүлөрдөн кийин банк кардарга ийгиликтүү идентификация жөнүндө билдирет.

***– Кандай төлөмдөр тобокелдиги төмөн операциялардын тизмесине кирет?***

Аларга төлөөчүнүн идентификациясы талап кылынбаган коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө, банктык эсептерди толуктоо (КРнын банктары тарабынан чыгарылган карталар), салыктарды, жыйымдарды, мамлекеттик алымдарды, айыптык төлөмдөрдү жана башка бюджетке төлөмдөрдү төлөө;

– интернет жана телевидение үчүн төлөө, коммерциялык банктарда эсептешүү эсеби барларга КРнын аймагында өлкө резиденттери тарабынан көрсөтүлүүчү/берилүүчү/аткарылуучу тиричилик кызматтары/товарлар/иштер/сервистер үчүн төлөө, электрондук капчыктарды толуктоо сыяктуу төлөмдөр кирет.

***– Кандай учурларда милдеттүү идентификация талап кылынат?***

Төлөөчүнүн идентификациясы төмөнкү учурларда талап кылынат:

– 70 000 сомго барабар же андан ашкан өлчөмдө өз ара байланышкан төлөмдөрдө;

– тизмеси жана түрлөрү финансылык чалгындоо органы тарабынан бекитилген, 70 000 сомго барабар же андан ашык суммадагы башка бир жолку электрондук акча которууларды жүргүзүүдө;

– террористтик ишти каржылоону жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууну (адалдоону) жүзөгө ашыруу жагында шектенүү болгон учурда, кардардын макамына (туруктуу же бир жолку) же кандай гана болбосун, алып салууларга же операциянын (бүтүмдүн) босоголук суммасына карабастан;

– кардар жөнүндө мурда алынган маалыматтардын анык эместиги же жетишсиздиги фактылары аныкталганда;

– эл аралык/чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү жүргүзүүдө;

– тобокелдиги төмөн операциялардын тизмесинде болбогон төлөм кызматтарын жүргүзүүдө;

– бир эле убакта төлөм уюмунун агенти болгон кардардын (товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүнүн) ачылган жеке эсебине мурда салынган акча каражаттарын, аванс каражаттарын/алдын ала төлөө каражаттарын пайдалануу менен агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө;

– электрондук капчыктарды ачууда;

– каржы институту тарабынан тобокелдиги жогору бүтүмдөрдүн ички тизмесине киргизилген ж.б. төлөмдөрдү жүргүзүүдө.

***– Төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн кандай лимиттер каралган?***

– Өнөктөш банкта идентификациядан жана верификациядан өткөн агенттердин мобилдик тиркемелерин пайдалануучулар үчүн лимиттердин чектүү маанилери белгиленет. Пайдалануучулар алар менен банктардан же Улуттук банктын расмий сайтынан кеңири таанышып алышса болот.

Электрондук капчыкты ачуу үчүн банктагы жеке идентификацияда электрондук акча менен банк операцияларынын тобокелдиктерин азайтуу үчүн банк электрондук капчыктарды кармоочулардын категориясына жараша, агенттерди, акцепторлорду кошо алганда, электрондук капчыкты кармоочу үчүн лимиттердин өлчөмүн өз алдынча белгилейт.

**P.S.** *Макалада көрсөтүлгөн КРУБдун ченемдик укуктук актыларына шилтемелер Улуттук банктын расмий сайтында:* **www.nbkr.kg** *жайгаштырылган.*